КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**01-июль 2025-жыл № 25** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнүн жайыт жеринен 0,30га жер аянтын бала бакча куруу үчүн трансформациялоо жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 10-беренесине, "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 22.05.2017-жылдагы № 293 токтому менен бекитилген "Жайыт жерлерин башка категорияларга өткөрүү тартиби жөнүндө жобонун" негизинде айыл аймагында элдин социалдык муктаждыктарын камсыз кылуу максатында, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чабачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү IX-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагындагы жалпы аянты 0,30га түзгөн жайыт фондунун жер тилкесин бала бакча куруу үчүн турак жай курулушуна арналган жерлер категориясына өткөрүү (трансформациялоо) жагы жактырылсын.

2. Трансформациялоо боюнча тиешелүү докмуенттерди даярдоо жана жогорку органдар менен макулдашуу иштеринин мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана жер адис А.Акматкуловко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**